"МАКУЛДАШЫЛДЫ"
Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы
__________Т.А. Бактыгулов
"__1__"__сентябрь__ 2022-ж

" БЕКИТЕМИН"
Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин директорунун милдетин аткаруучу:
__________Э.А.Насирова
"__1__"__сентябрь__2022-ж

Кочкор районундагы  Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин

***2022-2023-окуу жылы  үчүн***

# ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ

***28-август 2022-жылдагы мектептин № 1 педагогикалык кеңешинин  чечими менен кабыл алынды.***

**Кочкор районунун Ак-Талаа айылындагы Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин**

**2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн окутуунун жана тарбиялоонун планы**

**Мектептин миссиясы:**
« Алган билимин өз жашоосунда пайдалана билген , коомдо өзүнүн ордун таба алган активдүү, билимдүү, ар тараптан өнүккөн окуучуларды тарбиялоо»

Мектептин проблемасы:
**Гумандуу педагогикалык принциптерге таянып, окуу жана тарбиянын билим сапатын жогорулатуу.**

Окуу жылындагы максаттар:

**1.Окутуунун мазмунун жакшыртуу максатында ОТЖП боюнча жана билим берүүнүн стандартын ишке ашыру, инсанга багытталган окутуу методун кеңири пайдалануу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу;**

**2. Предметтер боюнча олимпиадаларга окуучуларды даярдоону күчөтүү, катыштыруу, жыйынтыкка жетишүү. Жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоо курстарын уюштуруу.**

**3. Замандын талабына ылайык менталдык арифметика боюнча класстын ишин уланттыруу;**

**4.Окуучуларды жетишпеген окуу китептери жана мугалимдерди усулдук колдонмолор менен камсыз кылуу;**

**5. Окуучулар үчүн компьютердик жана кошумча кружокторду акысыз өткөрүү;**

**6. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, рэкетчиликтин, бангиликтин, суициддин алдын алуу боюнча иш-чараларды өткөрүү, окуучулар менен жакындан иш алып баруу;**

**7. Спорттук иш-чаралардын жыйынтыгынын негизинде областтык жана республикалык деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга катышуу жана ийгиликтерге жетишүү;**

**8. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү.**

**9. Мектепте кабинеттерди жана мектеп алдындагы участокту жашылдандыруу;**

**10. Мектептин көмөкчү чарбасынын ишин өөрчүтүү;**

**11. Мектептин жаны имаратын курууга жетишүү;**

## Кочкор районунун Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин

**2022-2023-окуу жылындагы милдеттери.**

Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылынын жалпы анализинин негизинде жаңы окуу жылында төмөндөгү милдеттерди аткаруу зарыл:

1.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык окуу-тарбия иштеринин сапаттарын учурдун талабына ылайык жакшыртуу, талаптагыдай билим берүүгө жетишүү, билим сапатынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, мугалимдердин кызмат ордун толуктоо.

2. Стратегиялык планда көрсөтүлгөн 2023-жылы мектептин жаңы имаратын курулушун баштатууга жетишүү;

3.Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамын (30.04.2003) «Билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы» (2020- жылга чейин) иш жүзүнө аткаруу, Өкмөттүк программаларды, мектеп реформасы боюнча башталгыч класстын кабыл алынган жаңы стандарты, кабыл алынган иш-чаралары менен айкалыштырып кабыл алуу, практикалаштыруу. Мектепке жаңы идеяларды жана аракеттерди колдонууга педагогикалык ишмердүүлүктөрдү өстүрүү, окутуунун алдыңкы ыкмаларын пайдаланууга кадам артынан кадам, сапаттуу билим, бирге окуйбуз, интерактивдүү окутуу, сынчыл ой жүгүртүү программаларынын алкагында иш жүргүзүү.

4.Мектепте мугалимдердин өз денгээлинде эмгектенүүсүн, окуучулардын сапаттуу билим, татыктуу тарбия алуусуна, жөндөмдүү окуучулар менен иштөөсүнө шарт түзүү;

а) залдарды, кабинеттерди, усулдук бурчтарды тийиштүү материалдар менен толук жабдып, сабактарда колдоно билүү;

б) өзгөчө таланттуу окуучуларды “XXI кылымдын интеллектуалдары» программасынын алкагында топ түзүп даярдоо;

в) олимпиадалык резерв түзүү;

5. Ар бир предметтик мугалимдерди компьютерде иштөөсүнө жана үйрөнүүсүнө шарт түзүп берүүгө жетишүү (график боюнча)

6.Окуучулардын алган теориялык билимдерин турмуш менен байланыштырып жана айкалыштырып сабактын бардык формаларын интерактивдүү усулдарын пайдаланып, кеңири эффективдүү жана сапаттуу билим берүүчү сабактардын өтүлүшүнө жетишүү, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үстүндө план түзүп иштөө;

7.Окуучулардын билим сапатынын жогору болуусуна жетишүү, окуучулар арасында предметтик олимпиадаларды өткөрүү жана көндүмдөргө ээ кылуу;

8.Окуу жана эмгек тартибин сактоо, окуучулардын коллективинде өзүн өзү башкаруунун негизинде жигердүүлүгүн күчөтүү билимдерин чыныгы баалоо менен формалдуулукка жол бербөө;

9.Мектепке окуучуларды толук тартуу жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо.

10.Окуучуларды окутуп-тарбиялоодо мектептин, үй-бүлөөнүн, коомчулуктун ишмердүүлүктөрүн координациялоо.

11.АКСЕЛС, ЖРТ тесттерине катышкан окуучулардын санын көбөйтүү жана жогорку көрсөткүчтөргө жетишүү;

12.Гуманитардык сабактарды окутууда улуттук каада-салт, санжыра, мурас, окутуп үйрөтүү, өзгөчө Манас таанууга, эмгек сабагында улуттук кол өнөрчүлүккө көңүл буруу аркылуу элдик педагогиканы жайылтуу:

а) Манас таануу конкурсуна катышуу;

13.Мектептеги усулдук бирикмелердин, кружоктордун иштерин жаңы типте түзүү жана алардын өз убагында өткөрүлүп туруусуна, балдардын предметтен сырткаркы кругозорун кеңейтүүгө жетишүү;

14.Чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин тобунун ишин жакшыртуу, тажрыйбасын кеңири жайылтуу, чеберчилик жана ишмердиктерин өнүктүрүү, “Мыкты класс”, “Мыкты мугалим”, “Мыкты окуучу”, “Мыкты кабинет” номинациясындагы кароо-сынактарды уюштуруу;

15.Билим берүү жөнүндөгү мыйзамдардын долбоорлору менен таанышуу, талкуулоого активдүү катышуу. «Мугалимдер статусу жөнүндө» (1.01.2001) мугалимдер, коомчулук арасында турмушка ашыруу боюнча ишти жетекчиликке алуу;

16.Жаш кадрларды колдоо, тарбиялоо жана өстүрүү иштерин жүргүзүү;

17.Мугалимдердин билимдерин жогорулатуу;

18.Мамлекеттик символикаларды окуучулардын арасында маанисин түшүндүрүү жана аларды урматтоосуна жетишүү;

19. Окуучулардын билим сапаттарын бардык сабактары боюнча тест менен аныктоого жетишүү;

20. Балдар- өспүрүмдөр уюмунун ишин чыңдоо жана өнүктүрүү, окуучулардын өз алдынча проект жазып ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүү, семинар-тренинг сабактарына катышуусуна өбөлгө түзүү;

21.Окуучулар арасында ар кандай кароо-сынактарды, иш-чараларды өткөрүү жана райондогу мектептерге жайылтуу

22. Балдарды атуулдук жоопкерчиликке, мекенчилдикке, ыймандуулукка тарбиялоо, сарамжалдуу болууга үйрөтүү, ал боюнча багыт берүү;

23. Окуучулардын ден соолугун чыңдоо.

24. Окуучуларга кесипке багыт берүүдө мектеп менен Агахан фонду жана башка жогорку окуу жайлар менен байланышты түзүү.

25. «Тынчтык корпусу», «СОРОС», «ЮНИСЕФ», «БУУ ДАТП», «МЕРСИКО» ж.б. уюмдар менен байланышты түзүү, жарыяланган кароо-сынагына катышуу.

26. Жалпы мектептин ата-энелердин жыйналышын дайыма өткөрүп туруу жана мектеп менен ата-энелердин ортосундагы байланышты чыңдоо;

27. Ата-энелерди мектепке көбүрөөк тартуу, коомдук иштерди биргелешип аткарууга жетишүү;

28. Мектеп камкорчулук кеңештин ишин жакшыртуу;

29. Мектептин китеп фондусун көбөйтүү, спонсордук китеп алуу иштерин аткарууга жетишүү;

30. Мектептин базасын кеңейтүүгө, чыңдоо максатында өкмөттүк эмес уюмдар менен иш алып баруу, проектилердин үстүндө иштөө.

31. Мектептеги финансы иштериндеги тартип бузуучулукка жол бербөө, так иш алып барууга жетишүү;

32. Ички жана сырткы санитардык абалын жакшыртуу, санитардык нормалардын сакталышына жетишүү;

33. Коопсуздук техникасынын жана өрт коопсуздугунун эрежелинин сакталышына дайыма көзөмөл жүргүзүү;

**Анализдин матрицасы (2022-2023окуу жылы үчүн)**

| | |
|---|---|
| **S**<br>**(күчтүү)** | -жогорку билимдүү кадрлардын жетиштүүлүгү;<br>өрөөндүк олимпиадаларда окуучулардын байгелүү орундарды ээлеши;<br>-көмөкчү чарбанын болушу;<br>-Тынчтык корпусу аркылуу АКШдан волонтёрдун келиши<br>-Манас таануу боюнча команданын болушу |
| **W**<br>**(начар)** | -техникалык каражаттардын начардыгы (компьютер ж.б. эски, аздыгы);<br>-олимпиадалардан райондук, областык турга аз кана окуучунун катышуусу, республикалык турларга катышпоо, “Алтын тамга” аттестатына татыксыздык;<br>-ата-энелердин мектеп менен байланышынын начардыгы;<br>-окутуу-тарбиялоо ишиндеги жаңы маалыматтардын, жаңы окуу китептердин, методикалык адабияттардын жетишсиздиги;<br>-ата-энлердин социалдык абалы;<br>-окуучунун китепти аз окуусу; |
| **O**<br>**(мүмкүнчүлүктөр)** | - кружок иштерин жандандыруу;<br>-ЖРТ, олимпиадаларга даярдоо курстарын өтүү<br>-БӨУ менен байланышты чыңдоо, проектилер, чет өлкөлүк донорлор менен иштеп мектептин материалдык базасын чыңдоо:<br>а) жаны имаратты курдуруу<br>б) ата-энелер менен иш алып барууну жакшыртуу; |
| **T**<br>**(коркунуч)** | -окуучулардын сабактарга кызыгуусунун жоктугу, кайдыгерлиги;<br>-окуучулардын аздыгы;<br>-жумушсуздуктун айынан окуучулардын социалдык абалынын начарлашы;<br>-мектептин имаратынын эскилиги, типтүү эместиги.<br>-ата-энелердин мектепке көз карашынын начардыгы;<br>-микроучастоктогу окуучулардын башка мектептерге кетиши; |

# 2022-2023-окуу жылына карата Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинин иш планы

## Окуу бөлүмү

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу планын бекитүү, сааттардын сеткасын чыгаруу, сааттарды бөлүштүрүү. | сентябрь | ОББ | Базистик план, ББИМ 20.08.2021-ж. №1460/1 буйругу | Календарлык пландар |
| 2 | Расписание түзүү. | сентябрь | ОББ | Бөлүнгөн сааттар | Расписание |
| 3 | Жөндөмүү балдардын базасын түзүү. | Жыл бою | ОББ предметниктер | Балдардын укугу ж-ө конвенция, Билим берүү жөнүндө мыйзам | жетишкендиктер |
| 4 | Жетишпеген окуучулар менен иштеген мугалимдерге методикалык жардам. | сентябрь | ОББ | Билим берүү жөнүндө мыйзам | Билим сапатынын көтөрүлүшү |
| 5 | Райондук БББ, Рай. статка отчётторду тапшыруу. | сентябрь | ОББ | ББИМ буйругу, балдардын учёту жөнүндө инструкция | Отчёт |
| 6 | Окуучулардын кыймылы боюнча калас жетекчилердин отчёту. | Жыл башында, чейрек сайын | ОББ Класс жетекчилер | Балдардын учёту жөнүндө инструкция | Отчёт |
| 7 | Чейректин жыйынтыгы боюнча класстардын сабактарына катышууну уюштуруу(жогорулатылган, ылдыйлатылган баалар, класстардын төмөн билим сапаты). | Анализ боюнча Чейрек сайын | Администрация | Чейректин жыйынтыгы | Анализ |
| 8 | Предметтик декадалалардын графигин бекиттирүү, өткөрүү. | График боюнча | ОББ | Ачык сабактар | Анализ |
| 9 | Портфолиолорду уюштуруу | сентябрь | ОББ | Иш- кагаздар | Портфолио |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | мугалимдер | | |
| 10 | Кластарды комплектилөө | сентябрь | ОББ<br>Класс жетекчилер | ББИМ буйругу, ББ мекемелер. СанЭпид. талаптар | Комплектилөө отчёт |
| 11 | Класс жетекчилер тарабынан класстык журналдардын толтурулушун көзөмөлдөө | дайыма | ОББ<br>Класс жетекчилер | инструкция | Иш кагаздар |
| 12 | Жаңы келген мугалимдерге класстык журналдардын толтурулушу боюнча инструктаж | сентябрь | ОББ | инструкция | Иш кагаздар |
| 13 | Жалдык сааттардын саналышы, программадагы талаптардын аткарылышы, бекитилиши | сентябрь | ОББ | Базистик план, Календарлык пландар | Иш кагаздар |
| 14 | Насаатчы мугалимдердин сабагына жаш мугалимдердин катышуусун уюштуруу | Сентябрдын экинчи жарымынан баштап | ОББ | «Мугалимдин статусу жөнүнд мыйзам» Пед.кеңештин токтому | Жаш мугалимдердин сабагынын сапатынын өсүшү |
| 15 | Класс жетекчилердин жалпы мектептик документтерди толтуруусу боюнча иш алып баруу жана көзөмөлдөө (класстык журналдар, өздүк делолор, алфавиттик китепче) | Чейректин жыйынтыгы боюнча | ОББ | Чейректин жыйынтыгы | Документтердин толук, сапаттуу толтурулушу |
| 16 | Билим сапатын жакшыртуу боюнча комлекстүү иш алып баруу | Дайыма | ОББ | Мугалимдер, окуучулар | Анализ, мониторинг, билим сапатынын жакшырышы |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 17 | Административдик текшерүүнүн, чейректин жыйынтыгы боюнча жетишпеген окуучулардын тизмесин түзүп алар менен иш алып баруу. | Текшерүүнүн жана чейректин жыйынтыгы менен | ОББ | Отчет, мониторинг, класстык журнал | Анализ |
| 18 | Стим.фондунун акчасын Жобого ылайык туура бөлүштүрүлүшүн камсыз кылуу | Квартал сайын | Эксперттик топ, ОББ, ТИУ, Чарба башчы | Жобо, инструкция, аткарылган иштер | Протокол |
| 19 | Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча курска баруусунун графигин түзүп, уюштуруу. | Сентябрь, график боюнча | ОББ | «Мугалимдин статусу жөнүнд» мыйзам<br>План-график | Мугалимдердин билим деңгээли жогорулайт |
| 20 | Чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелердин сабакка катышуусун уюштуруу | Чейректин анализи боюнча | Администрация | | Окуучулардын, ата-энелердин жоопкерчилиги жогорулап билим сапаты көтөрүлөт |
| 21 | Класстык журналдарга мугалимдер тарабынан баалардын коюлушу боюнча көзөм | Дайыма | ОББ | Инструкция | Окуучулардын билими сапаттуу бааланат |
| 22 | Окуучулардын билимин текшерүү максатында тест, текшерүү иштерин алуу алуу | Чейрек сайын | Предметник мугалимдер | Тест, жат жазуу, текшерүү иштеринин жыйнактары | Окуучу керектүү көндүмдөргө ээ болот. |
| 23 | Окуучуларды олимпиадага даярдоо. Мектеп олимпиадасын өткөрүү | Сентябрдан баштап. Ноябрь | ОББ<br>Предметник мугалимдер | Окутуунун колдо болгон баардык каражаттары | Олимпияданын жогорку турларына өтүү |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 24 | Предметтик кружок боюнча дубал газеталарын чыгаруу | Ай сайын | ОББ<br>Секция жетекчилери | Зарыл болгон каражаттар | Окуучулар кызыгышат |
| 25 | Кызыл аттестат менен аяктоочу окуучуларды «Алтын Тамга» тесттине даярдоого байланыштуу иш чараларды уюштуруу | Сентябрь | ОББ<br>Предметник мугалимдер | «Алтын Тамга» тести ж-ө Жобо Ата-энелер | Кызыл аттестат алса |
| 26 | Күзгү, кышкы жана жазгы каникул учурунда мугалимдердин иштөө планы | Ноябрь январь март | Администрация | Базистик план<br>РайБББ буйругу | Мугалим билим берүү процессине даяр |
| 27 | ЖРТ даярдоо максатында 11-кл. окуучулары үчүн кошумча сабактарды уюштуруу | Экинчи жарым жылдык | ОББ | Мугалимдер | ЖРТ жогорку балл алышат |
| 28 | II Жарым жылдыкка расписание түзүү | 9-январга чейин | ОББ | Бөлүнгөн сааттар | Расписание |
| 29 | Метод бирикмелердин иш кагаздарын текшерүү | Февраль | Администрация | МБ иш кагаздары | Иш кагаздар толук болот |
| 30 | «Жыл мугалими» конкурсунун мектептик турун өткөрүү | Март | ОББ<br>Администрация | Мугалимдер | Райондук турга даяр болушат |
| 31 | Мамлекеттик, көчүрүү экзамендерине даярдык көрүп үчүн консультациялардын графиктерин бекиттирүү. | Апрель | ОББ<br>Администрация | Мамлекеттик жана көчүрүү экзамендерин алуучу мугалимдер | Мамлекеттик жана көчүрүү экзамендерине даяр болушат |
| 32 | Мугалимдердин эмгек өргүүсүнүн графигин бекитүү | 9-июнга чейин | Директор | Буйрук китеби, КР ЭК | Мугалимдер эс алышат |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 33 | Жыл ичинде мугалимдердин жетишүүсүнө анализ | 9-июнга чейин | Директор<br>ОББ, ТИУ, Профком. | Протоколдор, токтомдор | Мыкты мугалимдер аныкталып сыйлыкка сунушталуучу мугалимдер белгиленет |
| 34 | 9-11-кл. жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендерди өткөрүү | 2-22-июнь | Аттестациялоо комиссиясы | Протоколдор | Негизги жана орто билимин тастыктаган документ алышат |
| | | | | | |

## Тарбия бөлүмү

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим күнүн өткөрүү | 15.09 | Класс жетекчилер | Окуучулар<br>Музыкалык аппаратура | |
| 2 | Класс жетекчилерди дайындоо | Август | Администрация | Администрация, Класс жетекчилер | Педкеңештин токтому |
| 3 | Комуз күнүн өткөрүү | 09.09 | ТИУ | Окуучулар<br>Музыка кружогу | Комуздун улуттар үчүн маанисин билишет |
| 4 | Мамлекеттик тил майрамын өткөрүү | 23.09 | ТИУ<br>Кыргыз тил мугалимдери | Окуучулар<br>Музыкалык аппаратура | Тилди билүүсү, сыйлоосу |
| 5 | Ачык тарбиялык саттарды өткөрүү(Стенгазеталарды чыгартуу, бурчтарды | График боюнча | ТИУ<br>Клас жетекчилер | Тарбиялык ачык сабактар | Анализ |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| | уюштуруу) | | | | |
| 6 | Жаңы Парламентти шайлоо, планын бекитүү | Сентябрь | ТИУ<br>Парламенттин координатору | | Парламенттин протоколу |
| 7 | Жалпы ата-энелердин чогулушун өткөрүү | сентябрь | Администрация | Мониторинг<br>Ата-энелер | Чогулуштун протоколу |
| 8 | ТИУ көзөмөлүндө турган ар-бир окуучу мене иш алыш баруу | Дайыма | ТИУ<br>Соцпедагог<br>Класс жетекчилер | Мониторинг<br>окуучулар | Учётто окуучулардын болбошу |
| 9 | Ар-бир класста ата-энелердин чогулушун өткөрүү | 15-20. 09 | Класс жетекчилер | Мониторинг, ата-энелер | Чогулуштун протоколдору, токтомдору |
| 10 | Кружоктордун пландарын түзүү, талкулоо, Жетекчилерин бекитүү. | сентябрь | Администрация | Кружоктордун планы | Бекитилген план |
| 11 | Мугалимдер күнүнө карата иш-чара өтүү (линейка, тегерек стол, концерт) | 5-октябрь | ТИУ. Мектеп парламенти | Сценарий | |
| 12 | Окуучулардын окуу куралдарынын инвентарлардын сакталышын, формасын, тазалыгын көзөмөлдө. | Дайыма | ТИУ, Класс жетекчилер, Мектеп парламенти | «Мыкты класс» конкурсу ж-ө Жобо | Окуучулардын жоопкерчилиги жогорулайт |
| 13 | Класс аралык спорттун түрлөрү боюнча мелдештерди уюштуруу | План боюнча | ТИУ<br>Дене тарбия мугалимдери | Спорт аянтча, спорт залы, инвентарь | Спорт боюнча көрсөткүчтөр жакшырат |
| 14 | Шыктуу окуучулардын арасында конкурстарды өткөрүү | Жыл ичинде | ТИУ. Мектеп парламенти | Жобо | Шыктуу окуучулар аныкталат |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жоопкерлер | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 15 | Методикалык бурчтардын уюштурулушуна көзөмөл | Дайыма | Администация | Колдо болгон каражаттар | Окуу-тарбиялоого жардам болот |
| 16 | БӨИИ, ТИУ. көзөмөлүндө турган окуучуларды спорт, музыка ж.б. кружокторго тартуу | Дайыма | ТИУ<br>Спорт жана музыка кружокторунун жетекчилери | Кружок жетекчилери | Тартиби оңолот |
| 18 | Жолдо жүрүүнүн эрежеси боюнча 1-4-класстарга инструктаж өтүү | 15-сентябрга чейин | ТИУ<br>Класс жетекчилер | Жол эрежеси боюнча нускама | Жолдо жүрүүнүн эрежелерин билишет |
| 19 | Класс жетекчилердин иш пландарын текшерүү | октябрь | ТИУ<br>Администрация | Иш кагаздары | Иш кагаздар ирээтке келет |
| 20 | Күз майрамы | Октябрь-ноябрь | ТИУ<br>Класс жетекчилер | Зарыл болгон каражаттар | Шыктуу окуучулар аныкталат |
| 21 | СПИД кылымдын чумасы | 2-декабрь | ТИУ. Соц. Педагог, кл.жетекчилер | Зарыл болгон каражаттар | Маалымат алышат |
| 22 | Жаңы Жылдык балатыны өткөрүү | Декабрдын 3-декадасы | ТИУ.<br>Кл.жетекчилер | Зарыл болгон каражаттар | Активдүү окуучулар мугалимдер аныкталат |
| 23 | Кышкы каникул мезгилине окуучулардын эс алуусу боюнча план түзүү | Декабрдын 3-декадасы | ТИУ | Кышкы каток, спорт зал | Эс алышат |
| 24 | 23-февраль майрамына карата класстык сааттарды өткөрүп, дубал газеталарын чыгарып конкурс өткөрүү | 15-февралдан кийин | ТИУ<br>Мектеп парламенти | Окуучулар, зарыл болгон каражаттар | Активдүү болушат |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 25 | 8-март майрамына карата класстык сааттарды өткөрүп, дубал газеталарын чыгарып конкурс өткөрүү | 8-мартка чейин | ТИУ,<br>Мектеп парламенти | Окуучулар, зарыл болгон каражатта | Активдүү болушат |
| 26 | Нооруз майрамы | 20-мартка чейин | ТИУ<br>Мектеп парламенти | Окуучулар, зарыл болгон каражатта | Маданияттын көрүнүштөрү менен таанышат |
| 27 | Мектептин тегерегине ишембилик өткөрүү | Апрелден баштап жума сайын | ТИУ<br>Класс жетекчилер | Зарыл болгон каражаттар | Мектептин тегереги тазаланат |
| 28 | 2020-2021-окуу жылынын «Мыкты класс», «Мыкты окуучу» номинация ээлерин | 20-майга чейин | Администрация, жамаат | Протоколдор | «Мыкты класс», «Мыкты окуучу» номинация ээлери аныкталат |
| 29 | Ар бир квартал сайын китеп окуу боюнча конкурстарды уюштуруп турларга алып баруу | Квартал сайын | ТИУ<br>Мектеп парламенти | Жобо, протоколдор | Китеп окууга кызыгышат |

## Социалдык бөлүм

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Акарууга жооптулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Социалдык иликтөө жүргүзүү (турмуш шартын, документтерин, ички жана тышкы мигранттардын балдарын тактоо) | сентябрь | Соцпедагог, Класс жетекчилер | Анкеталар | Иликтенип аныкталат |
| 2 | Суицид жана рэкетчиликти алдын алуу боюнча ИИ жана башка органдар менен иш алып баруу | Дайыма | ТИУ<br>Соцпедагог | Лекциялар | Протоколдор, токтомдор |
| 3 | Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү | Дайыма | Соцпедагог,<br>Класс жетекчилер. | Анкета | Окуучулардын жүрүм-турумунун оңолушу |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Акарууга жооптулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Томолой жетим балдардын тизмесин тактоо жана жакындары менен иш алып баруу | сентябрь | Соц. Педагог<br>Класс жетекчилер. | Аңгемелешүү | Аялуу балдар такталат |
| 5 | Ата-энелердин милдеттерине аңсезимдүү мамиле жасашына түрткү берүү (аңгемелешүү, чогулуш өтүү) | Дайыма | Администрация<br>Класс жетекчилер. | Аңгемелешүү<br>Чогулуш | Протокол |
| 6 | Мүнөзү оор балдар менен иштөө | Дайыма | Соц. Педагог<br>Класс жетекчилер | Аңгемелешүү<br>Анкета | Мүнөзүндөгү кемчиликтер оңолот |
| 7 | Окуучуларды коомдук иштерге катышуусун камсыз кылуу | Дайыма | Соц. Педагог<br>Класс жетекчилер | Сценарий, акциялар, ишембилик, Эмгек практикасы | Окуучулардын жоопкерчилиги жогорулайт |
| 8 | Жашоонун сергек мүнөзү жана медициналык профилактикалык түшүндүрүү иш чараларды өткөрүү | Ноябрь | Дене тарбия мугалимдери.<br>Соц. Педагог<br>ФАП кызматкерлери | Лекция<br>Тегерек стол | Маалымат алышат |
| 9 | Томолой, жарым жетим балдарды Жаңы Жылдык майрамга катыштыруу | Декабрь | Соц. Педагог | Такталган тизме | Майрамга катышышат |

## Чарба бөлүмү

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Акарууга жооптулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин ичин жана сыртын тазалап, актап, сырдап ирээтке келтирүү | 1.08-25.08 | ТИУ, Чарба башчы | Мугалимдер<br>Тех. кызматкерлер | Мектептин тегереги тартипке келет |
| 2 | Мектептин айланасындагы бактарды, гүлдөрдү карoo, сугаруу | Сезонго жараша | Чарба башчы | Тех. кызматкерлер<br>Эмгек шаймандары | Жакшы өсүүсү |
| 3 | ОББдан класстардагы окуучулардын так санын алып ар-бир классты жетиштүү парта, стулдар менен камсыз кылуу | Сентябрь | Чарба башчы | Инвентарлар | Камсыз болушу |
| 4 | Окуучуларга берилип жаткан шашке тамагына пайдаланып жаткан идиштерди толуктоо, маркировкалоо жана тазалыгын камсыз кылуу. | дайыма | Чарба башчы,<br>Ашпозчу, ашкана жумушчусу<br>Башталгыч класстын мугалимдери | Инвентарлар | Жетиштүүлүгү жана тазалыгы камсыз болушу |
| 5 | Тех. кызматкерлердин тарифин түзүп РайБББ жеткирип бекиттирүү | Сентябрь | Чарба башчы | КР Өкмөтүнүн<br>№ Токтому | Тарифтин туура түзүлүшү |
| 6 | Мектепке түшүүчү көмүрдүн сапаттуу жана толук көлөмдө түшүрүү | Август-сентябрь | Сеиз-Бел айыл өкмөтү<br>Чарба башчы | Мектептин ком.тейлөөсүнө каралган акча | Сапаттуу көмүрдүн түшүшү |
| 7 | Мектепте өрткө каршы шаймандардын дайыма болушуна, өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча алдын алуу иштерин жүргүзүү | Дайыма | Чарба башчы | Инвентарлар, Схемалар | Өрт коопсуздугу камсыздалат |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Акарууга жоопттулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | От жагуу сезонуна карата контрамаркаларды тазалоо, электр приборлорду текшерип сезонго даярдоо | 20.10 чейин | Чарба башчы. Тех.кызматкерлер | Ремонтко керектүү каражаттар | Кыштан кырсыксыз чыгуу |
| 9 | От жаккычтарды жумушка алып аларды от жагуунун эрежелери менен тааныштырып инстуктаждан өткөрүү | 30.10 чейин | Директор, Чарба башчы | Нускамалар | Сезондо жылуулуктун камсыз болушу |
| 10 | Тазалоочуларга жана жумушчуларга эмгек коопсуздугун сактоо жана эмгек тартиби боюнча инструктаж өткөрүү | Сентябрь | Чарба башчы | Нускамалар | Маалымат алышат |
| 11 | Залдардын класстардын терезе-каалгаларды жылуулоо | 25-октябрга чейин | Чарба башчы ТИУ | Тех. кызматкерлер | Жылуулук камсыз болот |
| 12 | Класстардын, кабинеттердин, залдардын электр проводдорун, точкаларын, лампочкаларын текшерип бузулган, күйүп кеткендерин алмаштырып туруу | Дайыма | Электрик Чарба башчы | Зарыл каражаттар | Электричество менен камсыз болот |
| 13 | Бак тигүү, бутоо. Жер айдоого даярдануу | Марттын экинчи декадасынан | Чарба башчы | Көчөттөр, бакча инвентары, үрөөн, май | Мектепке кошумча каражат түшөт |
| 14 | Мектептин тегерегин көрктөндүрүү, гүл отургузуу | 15-майга чейин | Чарба башчы ТИУ Соц.педагог | Гулдүн көчөттөрү, уруктары. | Мектептин тегереги көркүнө чыгат |
| 15 | Көмөкчү чарбанын жерин айдап себүүнү аяктоо | 30-майга чейин | Чарба башчы Тех. кызматкерлер | Үрөөн, техника, май | Көмөкчү чарбанын жери айдалып бүтөт |

| № | Аткарылуучу иш | Мөөнөтү | Акарууга жооптулар | Ресурстар | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Мектепти жайкы ремонтко даярдоо | 30-майга чейин | Чарба башчы | Зарыл болгон каражаттар | Мектеп |
| 17 | Мектептин ичин ремонттон өткөрүү | 25-июнга чейин | Чарба башчы<br>Тех. кызматкерлер | Баардык зарыл болгон каражаттар | Мектептин ичи ремонттолуп бүтөт |
| 18 | Тех, кызматкерлерди график боюнча эмгек өргүүсүнө чыгаруу | Май | Директор | Буйрук китеби, КР ЭК | Тех. кызматкерлер эс алышат |

**2021-2022-окуу жылына карата педагогикалык кеңештин планы**

| № | Каралуучу маселелер | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|

**№ 1 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 2022-2023-окуу жылына карата аткарылуучу иштердин негизги багыттары:<br>1.1.2021-2022-окуу жылынын анализи жана 2022-2023-окуу жылына карата максаттар жана милдеттер<br>1.2.2022-2023-окуу жылына карата мектептин жылдык планын бекитүү.<br>1.3.Уюштуруу иштери: сааттардын болуштурулушүн, усулдук бирикме, класс, кружок, кабинет жетекчилерин, мектеп алдындагы туруктуу комиссияларды бекитүү<br>1.4.Мектеп имаратынын кезектеги ремонттон өткөрүүнүн абалы | Сентябрь 2022-жыл | Мектеп администрациясы. Чарба башчы |
| 2 | Сунуш-пикирлер. | | Педжамаат |

**№ 2 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-чейректин жыйынтыгы боюнча отчет. | Ноябрь 2022-ж. | ОББ,ТИУ, Соц.педагог |
| 2 | Тил секциясынын предметтеринин окутуунун жана билим сапатынын абалы. | | ОББ |
| 3 | Кружоктордун өтүлүшүнүн абалы | | ОББ, ТИУ |
| 4 | Сунуш-пикирлер. | | Педжамаат |

**№ 3 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча окуу-тарбия иштеринин анализи.(олимпиада, УТБ тести) | Январь 2023-жыл. | ОББ<br>ТИУ |
| 2 | Математика, физика,информатика, музыка, дене тарбия жана технология предметтерин окутуунун абалы. | | ОББ |
| 3 | Класс жетекчилердин ишинин жана класстык тарбия сааттардын өтүлүшүнүн абалы | | ТИУ |
| 4 | Китепкананын ишмердүүлүгү | | Салбарова В. |

**№ 4 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | III чейректин жыйынтыгы боюнча окуу-тарбия иштеринин абалы. | Март 2023-жыл. | ОББ<br>ТИУ |
| 2 | Тарых, география, химия, биология предметтеринин жана башталгыч класстардын окутулушунун абалы жана билим сапаты. | | ОББ |
| 3 | ЖРТ, "Алтын Тамга" тестине даярдоонун абалы | | ОББ |
| 4 | Сунуш-пикирлер | | Педжамаат |

**№ 5 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 2022-2023-окуу жылында окуу-тарбия иштеринин жыйынтыктары. | **Май** 2023-жыл. | ОББ<br>ТИУ |
| 2 | Окуу-тарбия иштеринде ийгиликке жетишкен мугалимдерди сыйлыкка көрсөтүү | | МББ |
| 3 | Инвентаризациянын жыйынтыгы | | Чарба башчы |
| 4 | Мугалимдердин жана окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруу | | Профком |

**№ 6 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | 9, 11-класстардын окуучуларын мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоого жиберүү | | ОББ |
| 3 | 5-8-10-класстардын көчүрүү экзамендеринин жыйынтыктары жана класстан-класска көчүрүү | | ОББ |

**№ 7 педкеңешме**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 9-,11-класстардын окуучуларынын мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыгы. 9-класстын окуучуларын класстан класска көчүрүү. | Июнь | ОББ |
| 2 | Мектепти кезектеги ремонттон өткөрүү жөнүндө. | | ТИУ<br>Чарба башчы |

**Өндүрүштүк кеңешме**

| № | Аткарылуучу иштер | Аткаруу мөөнөтү | Ким жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин жаңы окуу жылына карата даярдыгы. Ремонт иштеринин жыйынтыгын чыгаруу | Август | ТИУ<br>Чарба башчы | |
| 4 | Мектептин кышка карата даярдыгы. | Октябрь | Чарба башчы | |
| 5 | Окуучулардын тартиби, тазалыгы, сабакка катышуусу | Декабрь | ТИУ<br>Класс жетекчилер | |
| 7 | Мектеп документациясынын, (конспекти, журнал, окуучулардын күндөлүктөрү) | Март | ОББ<br>ТИУ | |
| 8 | Жазгы жумуштар, көрктөндүрүү, тазалануу | Апрель | ТИУ, Чарба башчы | |
| 9 | 2021-2022-окуу жылына карата мектепти ремонттон өткөрүү | Май | Чарба башчы | |

**Директордун алдында боло турган административдик кеңешинин иш планы.**

| № | Күн тартибиндеги маселелер. | Мөөнөтү | Ким даярдайт | Ким жооп берет |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Окуучулардын форма менен камсыз болуусу жана кийип жүрүүсү | Сентябрь | ТИУ<br>Соц. педагог | Класс жетекчилер |
| 2. | Класстардын, залдардын терезелерин, каалгаларын жылуулап кышка даярдык көрүүнүн абалы жөнүндө | Ноябрь | ТИУ<br>Соц.педагог | Класс жетекчилер.<br>Чарба башчы |
| 3 | 1-4-кл. тамак берүүнүн абалы жөнүндө | Декабрь | ТИУ<br>Бракераждык комисия | Чарба башчы.<br>Ашпозчу |
| 4 | Окуучулардын кружокко тартылышы жана кружок иштеринин абалы. | Январь | ОББ, ТИУ | Кружок жетекчилер |
| 5 | Көмөкчү чарбанын ишин жакшыртуу, мектептин тегерегин көрктөндүрүү жөнүндө | Февраль | ТИУ<br>Чарба башчы | |
| 6 | 9-11-кл. Окуучуларын мамлекеттик экзаменге жана ЖРТ даярдоонун абалы жөнүндө | Март | ОББ | Предметник мугалимдер |
| 7 | Окуучулардын күндөлүктөрдү толтуруу жана пайдалануу, мугалимдердин электрондук күндөлүктөрдү толтурулушунун абалы жөнүндө | Квартал сайын | ТИУ<br>ОББ | Класс жетекчилер.<br>Мугалимдер |
| 8 | Предметтик бирикмелердин иштеринин абалы. | Апрель | ОББ | Усулдук бирикмелердин башчылары |
| 9 | 1-4-класстын окуучуларынын сабак өздөштүрүүсү жана билим сапаты жөнүндө | Май | ОББ | Башталгыч класстын мугалимдери |
| 10 | Мектепти жаңы окуу жылына карата даярдоо жана кабинеттердеги мебелдердин сакталышынын абалы | Май | Чарба башчы | Жалпы жамаат |

**Ата-энелер менен иштөө**

| № | Аткарылуучу иштер | Аткаруу мөөнөтү | Ким жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептеги ата-энелер комитетин шайлоо (4 жылда бир жолу) | Сентябрь | ТИУ | |
| 2 | Окуучулардын окуудагы абалы, өздөштүрүүсүн, тартиби боюнча ата-энелер менен дайыма байланышып туруу. Ата-энелерди милдеттери менен тааныштыруу | Дайыма | ТИУ. Класс жетекчилер | |
| 3 | Ата-энелер чогулушун мектеп боюнча ар бир жарым жылда, класс боюнча чейрегине бир жолу өткөрүп туруу | Жарым жылда бир жолу Чейрек сайын | ТИУ Класс жетекчилер | |
| 4 | 1-жарым жылдыкта ата-энелер чогулушун өткөрүү:<br>а) ата-энелер комитетинин отчету;<br>б)жаңы окуу жылына ата-энелердин милдеттери;<br>в) ата-энелер комитетинин президиумун шайлоо | сентябрь | ТИУ | |
| 5 | 2-жарым жылдыкта ата-энелер чогулушун өткөрүү:<br>а) мектептеги окуу-тарбия иштеринин абалы жана ата-энелеринин милдеттери жөнүндө;<br>б) мектепте жана үй бүлөдө тарбия иштерин жакшыртуу жөнүндө | Май | ТИУ | |
| 6 | Ата-энелер комитетинин заседаниесин өткөрүү жана мектептин турмушундагы маанилүү маселелерди талкуулоо | План боюнча | ТИУ, Класс жетекчилер | |